**КЕНЖЕ ДҮЙШЕЕВА - ЗАМАНДАШ**

о. Ильяз Абдразаков
с. Жылдызбек Турсунбаев

-1-
Тоо башынан күн жаркырап жаңы таң атат,
Шоолалары жерге чачырап.
Убакыт куш – карматпастан учуп баратат,
А сен андан болгун батыраак!

Адамзатты алсыз кылып колун байлаган,
Тагдыр бизге оңой багынбайт.
Жаш куракты заманында туура пайдалан,
Мезгил өтсө кайра табылбайт.

***КАЙЫРМА:***
*Кел замандаш ачык болсун маанайың,*
*Керемет бир өмүр сага каалайын.*
*Кейисең да чыдап бир жылмайып кой,*
*Кемибесин дайым бакыт-таалайың!*

-2-
Байлык жыйып, бийлик топтоп бекер талпынба,
Кетсең кокус калат артыңда.
Кадырын бил досчулуктун, көңүл катырба,
Жашоо үчүн күрөш тартынба!

Ден соолук бул кайталангыс байлык аталат,
Алтын жаның аман барында.
Жүрөгүндү уяласын таза махабат,
Сезим гүлдөп турсун багыңда.

***КАЙЫРМА:***